# Бакыттын бир үзүмү




Автор: Мира Кокоева

Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Бакыттын бир үзүмү

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бакыттын бир үзүмү" (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, сүрөтчү Сайкал Картанбаева, которгон Талгат Деркембаев

*Комочек счастья*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Менин атым Майкл. Мен мурда шаарда жашаган үй-жайы жоктордун биримин. Төрөлгөндө эле үй-бүлөмдү жоготком. Ар кайсы жерден апамды издеп ыйлап жүрчүмүн.

Бир жолу өзүмө окшош үй-жайсыз бир мышыкка жолуктум. Ал менден бир аз улуураак болгону менен, кайгысы бар немедей.

– Капа болбо! Мени менен жүрсөң өлбөйсүң, – деп ал ишенимдүү айтты. Экөөбүз көз көргөн жакка ээрчишип жөнөдүк.  Бирге болсок, шаңдуу болуп, коркунуч да жоголот экен.

– Куйругунду дайыма  бийик көтөрүп жүр! – деп айтканды жакшы көрчү менин жаңы таанышым.



Бир күнү досум мени бадалдын түбүнө отуруп туруумду буюрду. Өзү жегидей бир нерсе таап келгени кетти. Мен аны бадалдын арасында күтүп отургам. Бир маалда бирөөнүн чоң көлөкөсү көрүндү. “Ишим бүткөн экен” – деп ойлоп, коркконумдан чөпкө жата калдым. Көрсө, кыз экен.

Ал эңкейип, мени колуна алып:

– Сенин атың ким? – деп сурады.

– Билбе-е-ейм, – деп жооп берип, кыздын колдорун жыттадым.

– Аа-а, Майкл? Сен мени түшүнүп жатасыңбы? – деп кыз таң калды.

– Мааа-айкл! – деп сүйүнүп кетип, мен бир саамга досумду да унута түштүм.



– Сен каякка? Тезинен  кач! – деген досумдун чырылдаган үнүн уктум.

– Мени таштап кете көрбө! – деп ага кыйкырганга үлгүрдүм. Бирок дарбаза ачылып, биз жашыл тулаң чөп жана гүлдөр өскөн кооз короого кирдик.

– Бул биздин үйүбүз. Сен эми ушул жерде жашайсың, – деп кыз менин башыман сылап койду.

– Бул Майкл. Муну капа кылба! – деди кыз адыраңдап жүгүрүп келген итке. Кыязы, ал ушул короодо жашаса керек.  Көчөдөн көргөн иттерге окшоп, аябай чоң  экен.

– Ав, аты укмуш го. Сен ушундай немесиңби?  – деп ал секирип-секирип койду. Мен көнгөн адатым боюнча качып жөнөйүн дедим. Бирок кыз мени бооруна бекем кысты. Өзүмдү коопсуз сезип калдым.



Мага  жылуу, таттуу сүт беришти. Мен аны дароо эле ичип койдум. Ушундан соң жаңы үйүмдү изилдей баштадым. Ал аябай чоң экен. Таза жана жагымдуу жыттанат десең.

– Бул үйдөгү жин-шайтандарды кууйт, – дешти үйдөгүлөр. “Мен ушундай турбаймынбы” деп өзүмө таң калдым. Мындай сөздү мурда уга элек болчумун.

– Алар кимдер?

Мен баарын изилдеп, үйдөгүлөрдүн айтымы боюнча, жин-шайтандарды кубалап бүтүп, короого чыктым. Ушул жерден баягы ит менен бетме-бет кезигип калдым.

Ал менин даамымды текшерип көрөйүн деди окшойт. Бирок менде байыркы бабаларымдын көндүмдөрү ойгонуп кетти көрүнөт. Итти тумшуктан ары берип калдым. Ал өзүн жоготуп, көздөрүн жумуп жиберди.



– Мына, ушундай. Тумшугуңду көрүнгө жерге тыга бербе! – дедим да, жай басып кеттим.

 Жеткен наадан турбайсыңбы! дегенсип ит кала берди.

Мен өзүмдү жеңүүчү сезип, эрдемсип калдым. Бирок ит экөөбүз кийин дос болорубузду сездим. Негедир ал мага жакты...

Ошентип аябай жакшы кожойкеси бар үйлүү болуп калдым.


Мен ага кезигип, кыздын жолу болду го деп ойлоп калдым. Кыз айткандай, мен аябай сулуу болчумун. Мени сылап койгондо, баарынын кайгы-капасы тарап кетет. Ой, булар мен жок кантип жашап жүрүшкөн, ыя?

Үйдү да бардык жин-шайтандардан тазаладым. Азыр менин бардык нерсем бар. Тамак жеген кооз идишим, уктаганда эч нерседен коркпой турган жумшак килемчем бар. Кичинекей кожойкем экөөбүз көп убакытты чогуу өткөрөбүз.

Жатып алып, иттер менен мышыктар жөнүндө мультфильм көрөбүз. Эгер бир нерсени сындырып алсак, эч качан бири-бирибизди сатпайбыз. Биз чыныгы досторбуз да!

Кээде мен өзүмдүн досумду эстеп,  сагынам.

Бир жолу аны капысынан жолуктуруп калдым. Досум дубалдын кырында итти менменсине карап отуруптур.
– Дагы бирөөбү? Мен буга жол бербейм! Жогол! – деп үрүп калды ит.
– Салам, – деп сүйүнүп кетип, дубалдын кырына секирип чыктым.
– Бул жакта жашооң кандай? – деп сурады досум.



– Үй жакшы. Тамак көп. Сен да калчы. Чогуу жашайбыз! – деп ага сунуш кылдым.
– Мм, дагы эмне. Биз мышыктар өз башыбызга өзүбүз ээбиз. Өз алдынча эркин жүргөндү жакшы көрөбүз, – деп жактырбай жооп берди.
– Жүрү, мени менен кет! Жакшы нерсенин аз эле болгону жакшы... – деди досум.
– Жок, мен аларга керекмин. Мени издеп калышат, – деп ага шашыла жооп бердим.
– Сенин жолугуп калганың, буларга жакшы болгон экен. Себеби, биз үйлөргө бакыт алып келебиз да, – деп досум мени кунт коюп карады.
– Мейлиң эми. Дагы жолугарбыз  да, – деди ал.

– Көрүшкөнчө! Бир нерсе болсо кирип тур, – деп дубалдын кырынан секирип түшүп, үйдү көздөй шашып жөнөдүм.



– Мен өзүнчө эле эркин сейилдебеген мышык болсом керек – деп ойлонуп койдум.

– Сен жалгыз эле кайтып келдиңби? – деп ит сүйүнүп кетти. Ал куйругун мени кубаттагансып булгалады.

– Мен да сага кубанычтамын! – деп жооп бердим ага.

Үйдөгүлөр мен жок болсом кантишет деп, ушул жерде эле калууну чечтим...

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли